**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**А.А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ**

**К. КАРАСАЕВ атындагы**
**БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 09.19.591**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 2+347.156+21:14+1-925.3**

**Осмонова Динара Аскарбековна**

# ДИНИЙ ДҮЙНӨ КӨЗ КАРАШ СИСТЕМАСЫНДАГЫ ГЕНДЕРДИК КАРЫМ-КАТНАШТАР

09.00.11 – социалдык философия жана 09.00.13 –дин таануу, философиялык антропология жана маданият философиясы

философия илимдеринин доктору окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРЕАТЫ**

**БИШКЕК – 2020**

Диссертациялык иш Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин дин таануу кафедрасында аткарылды

**Илимий консультанты:** **Бугазов Анвар Хусаинович**
философия илимдеринин доктору, Кыргыз-Россия Славян университетинин философия кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттери:** **Шарипова Эркайым Козуевна**
философия илимдеринин доктору, Ош мамлекеттик университетинин философия жана саясат таануу кафедрасынын профессору

**Усупова Чолпон Сабыровна**
философия илимдеринин доктору, профессордун м.а., И.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын философия жана коомдук илимдер кафедрасынын башчысы

**Исмагамбетова Зухра Нурлановна**
философия илимдеринин доктору, Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин дин жана маданият таануу кафедрасынын профессору

**Жетектөөчү мекеме:** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин философия жана гуманитардык дисциплиналар кафедрасы, Дареги: 720023, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Саманчин көч. 10.

Диссертациялык иш 2020-жылдын "30"- октябрында саат 13.00 дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө Институтуна жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды, маданият таануу жана искусство таануу боюнча кандидаттык дисертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д 09.19.591 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан (Бишкек ш., Чүй проспектиси 265-а.), К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан (Бишкек шаары, Ч. Айтматов проспектиси, 27) жана диссертациялык кеңештин сайтынан www.fil.kg таанышууга болот. Коргоонун идентификатору: 256-059-5631, паролу: 19932510.

Автореферат 2020-жылдын "30"- сентябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**философия илимдеринин кандидаты** **Асанов Ж. К.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Демократиялык реформалардын, көз карандысыздыкка ээ болуунун натыйжасында азыркы мезгилдеги кыргызстандык социумда болуп өткөн трансформациялар коомдук ан-сезимдеги өзгөрүүлөрдү, диний жана адеп-ахлактык маселелерге болгон курч кызыгууну жаратты. Жаны шарттардагы өзгөчө актуалдуулукка гендердик карым-катнаштар ээ болуп, коомдук карым-катнаштардын бардык системасын кучагына камтыды. Социум эгерде кимдир-бирөөнүн, мисалы аял затынын ролу төмөндөп кетсе жана эки бири-бирин толуктап туруучу – аялдык жана эркектик башталыштардын карым-катнашындагы тен салмактуулук жок болсо эффективдүү түрдө жашап кете албайт. Гендердик карым-катнаштар коомдун цивилизациялуулугунун реалдуу даражасын, анын саясий, экономикалык, социалдык жана маданий өнүгүү денгээлин эле көрсөтүп тим болбостон, өзүнө анын эволюциялык өнүгүү дараметинин индикаторун, социалдык трансформациялардын келечегин аныктаган спецификалык барометрди камтып турат.

Гендердик карым-катнаштар эбак эле атайын илимий талдоонун предмети болуп эсептелгендигине карабастан азыркы мезгилдеги социумдун гендердик маданият аз изилденген маселелерден болуп калууда, аялдар ааламдашуу шарттарындагы жыныстык ролдук өзгөрүүлөргө карата болгон феноменалдуу туруктуулукту сактап кала алат жана бул жердеги диндин ролу кандай деген суроого жооп табыла элек.

Диний конфессиялар көптөгөн жүз жылдар аралыгында салттуу баалуулуктарды жана гендердик карым-катнаштардын нормаларын жандандыруу жана консервациялоо ролун аткарышкан, анда эркектердин басымдуулугунда негизделип, аялдар баш ийүүчүлүк макамга ээ болушкан. Кээ бир конфессияларда гендердик карым-катнаштарда белгилүү бир өзгөрүүлөр болуп өткөнү менен протестантизмде аял заты кадыр-баркка ээ болгон, дүйнөлүк диндердин көпчүлүгүндө аялдардын укуктары мурункудай эле чектелүү бойдон калган. Жалпы жонунан, дин трансформацияланган социалдык практикага ылайык келбеген өзүнүн байыркы догмаларынан алыстаганга дагы деле даяр эмес. Теологдор диний концепцияны социумдун руханийлиги менен адеп-ахлактуулугунун сакталуусунун шайманы катары акташат. Салттуу жана инновациялык дүйнө көз караштык элестөөлөрдүн ылайык келбөөсү коомдук жашоодогу чыр-чатактар менен карама-каршылыктардын пайда болуусуна шарт түздү. Мындай кырдаал аялдын чиркөө менен диндеги ордун жана ролун карап чыгуучу диний ойломдун өзгөчө агымы катары феминистик теологиянын пайда болуусун шарттады. Ушуга байланыштуу, андан тышкары заманбап секуляризация, ааламдашуу, маалыматташуу, ар кыл цивилизациялардын, маданияттардын жана диндердин бирдиктүү иш-аракеттеринин алкагында диний регламенттешүү тармагында пайда болгон карама-каршылыктарды изилдөө зарылчылыгы пайда болот. Бул өзгөчө заманбап социумдагы гендердик тендикке жетүүгө, чындыгында эле дин менен байланышпаган кээ бир уламыштардын болбой

калгандыгын, ал тургай диндин концепциясына да карама-каршы келгендигин көрсөтүүгө тоскоолдук жараткан гендердик карым-катнаштарга тийиштүү. Социум тарабынан диний катары гана таанылат жана диний практикага карата илимий жана коомдук кызыкчылыктын өсүү жана заманбап анын ичинде укуктук, социалдык жана үй-бүлөлүк-никелик социалдык карым-катнаштарга тийгизген таасиринин шарттарында пайда болушту. Бул эркектин үстөмдүк кылуусу менен социумдун кызыкчылыгындагы исламдык каада-салттардын кайра жаралуу шылтоосу алдында аялдардын дискриминациясы Кыргыз Республикасында кыйла кенири тараган христанчылык менен исламдагы гендердик карым-катнаштар маселелерин изилдөөнү актуалдаштырып, коомдогу олуттуу трансформацияларга алып келүүгө жөндөмдүү.

Андан тышкары, Кыргызстан гендердик карым-катнаштардын практикасынын жана идеологиясынын негизги компоненти катары шариат нормалары эсептелген мусулмандык Чыгыштын бир катар өлкөлөрүнүн кубаттуу таасиринин алдында калууда. Жакынкы чыгыш мамлекеттеринин миссионерлери жыныстардын тендигин светтик чечмелөөгө көпчүлүк учурларда карама-каршы келген исламды жеке түшүнүүнү таратуу боюнча активдүү иш-аракеттер жүрүүдө. Мындай пропаганда социумдун талкалануусуна алып келип, коомдогу көптөгөн чыр-чатактардын булагы болуп кала берет.

Аталган иштин актуалдуулугунун башка себеби болуп толук кандуу инсан катары аял туурасындагы көз караштарды жандандыруу зарылчылыгы эсептелет. Узак мезгилдер бою аялды коомдун диний карым-катнаштарынын толук кандуу субъектиси катары объективдүү баа берүү аталган чөйрөдөгү илимий изденүүлөрдүн терен эмес денгээли жана гендер алкагындагы диний стереотиптер тоскоолдук кылышкан. Андыктан күнүмдүк ан-сезимде тараган көптөгөн баа берүүлөр, нормалар, элестөөлөр жана көз караштар тенденциялык мүнөзгө ээ.

Бүгүнкү күнү коомдо аялдар менен эркектердин укуктарын тендөө, үй-бүлөлүк-никелик карым-катнаштардагы көп кылымдык каада-салттар менен конфессионалдык догмаларды багындыруу үчүн көп иштер жасалууда. Бирок, белгилей кетүүчү нерсе, социалдык өнүгүүнүн, мамлекет менен жарандык коомдун укуктук негиздеринин келечеги көпчүлүк жагынан жашоо ишмердүүлүктүн бардык чөйрөлөрүндөгү гендердик маселени чечүүдөн көз каранды. Дин мурункудай эле коомдогу эркек менен аялдын ролун жалпылоодогу бирден-бир маанилүү аргумент болуп эсептелгендигин көнүл борборуна алуу менен социалдык өнүгүүдөгү диний баалуулуктардын мааниси өсүүдө. Ошондуктан азыркы мезгилдеги социумдагы гендердик трансформацияларды талдоого алуу кыйла маанилүү.

Биздин пикирибизде, кыргыз коом таануусундагы гендер менен диндин бирдиктүү иш-аракеттер маселеси жеткиликтүү денгээлде иштелип чыгып, гендердик изилдөөлөр тармагындагы адистер тарабынан да толук талдоого алына элек. Ошондуктан дин таануучулук жана гендердик

изилдөөлөр тармагындагы иш-аракеттерди теоретикалык-методологиялык жактан бириктирүү аталган багыттагы илимий изилдөөлөрдү олуттуу түрдө байытып, актуалдуу маселелерди чечүү жана үзүрлүү ачылыштар үчүн өбөлгө түзөт.

Жогоруда айтылгандын баардыгы илимий-теоретикалык маанилүүлүктүн жана изилдөөнүн аталган темасынын практикалык актуалдуулугунун жогорку даражасын негиздеп, анын тандоосун шарттайт.

Гендер жана гендердик карым-катнаштар маселесин изилдөө иши А. Алишева (1999), Б. Валиев, Ф.Зайков, А. Ниязова (2001), Г.К. Ибраева (2006), В.П.Иванова (2005), Э.И.Исмаилова (1997), А.Х. Карасаева (1996), С.К. Матикеева (2005), А.Табышалиева (2006), Б.Тугельбаева (2003), Г.Ж. Турсалиева (2012), Т.Шайдуллаева (2005), М.М. Эдилова (2015), А.К. Эшиев (2015) ж.б. андан тышкары россиялык изилдөөчүлөр Н.И. Абубикирова (2001), С.Г.Айвазова (1998), Г.А.Брандт (2002), О.А. Воронина (2001, 2004), И.Жеребкина (2000), Е.А.Здравомыслова (2000), Н.Л. Пушкарева (1995, 2001) ж.б.тарабынан үзүрлүү изилденген.

Биздин изилдөөбүз үчүн борбордук-азиялык, анын ичинде дин жаатындагы кыргызстандык изилдөөчүлөр К.А.Ажыбекованын (1990), К.К.Бегалинованын (2019), К.М.Борбасованын (2018), Ж.Б.Дабжанованын (2015), З.Г.Джалиловдун (2006), Р.М.Джаныбаеванын (1984), З.Н.Исмагамбетованын (2014), А.К.Калмурзаевдын (2011), К.Маликовдун (2009), И.Э.Мирсаитовдун (2004), Д.У.Кусаиновдун (2018), Б.А. Малтабаровдун (2001), Е.Е.Озмителдин (2004), Т.О.Омурованын (1984), Ш.С.Рысбекованын (2015) А.Табышалиеванын (2006), Э.К.Шарипованын (2011), А.Ярковдун (2002) ж.б. эмгектери чон кызыгууну жаратат.

Гендер менен диндин бирдиктүү иш-аракеттери россиялык изилдөөчүлөр Г.Р. Балтанованын (2005), Т.П.Белованын (1991), Е.В. Беляковaнын (2004, 2011), М.В.Вагабовдун (1980,1994), М.В.Воробьеванын (2005), К.А.Гурьеванын (2014), А.П.Забияконун (2006), П.Н.Евдокимовдун (2009), Т.Б. Ковальдын (2006), И.А. Колосованын (2005), О.Е.Лысенконун (2009), Г. Нуруллинанын (2004), Н. Х. Орлованын (2006, 2012), М. Степанянцтын (1993), В.А.Суковатанын (2002), А. В. Третьяковдун (2004), С.В. Троицкийдин (2010) ж.б. эмгектеринде каралган.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор), илимий мекемелер өткөргөн негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациянын темасы ири мамлекеттик программалар менен байланышкан: “2018-2020-жж. Кыргыз Республикасындагы гендердик тендикке жетүү боюнча иш-аракеттердин улуттук планы” жана “2020-жылга чейинки гендердик тендикке жетүү боюнча Кыргыз Республикасынын улуттук стратегиясы”, “2014-2020-жж. Кыргыз Рсепубликасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат концепциясы”, 2018-2023-жж. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин социалдык-гуманитардык илимдер факультетинин илимий-изилдөөчүлүк иштеринин алкагында аткарылган.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациянын негизги **максаты** болуп христиандык жана мусулман диндериндеги гендердик карым-катнаштардын салттуу диний жана диндин феминистик философиясы өнүтүндөгү өнүгүүсүнүн манызын, калыптануусунун, трансформацияlануусунун өзгөчөлүктөрүн жана келечегин аныктоо эсептелет. Коюлган максатка ылайык төмөнкү **милдеттерди** чечүү талап кылынат:

1. феминистик теорияны гендердик изилдөөлөрдүн өбөлгөсү катары талдоого алуу жана гендердин манызын жана мазмунун, илимий концепциялардагы аялдык жана эркектик башталыш категорияларынын карым-катнаштарын талдоого алуунун негизиндеги гендердик карым-катнаштарды ачып берүү;

2. гендер менен диндин бирдиктүү иш-аракеттерин изилдөөдө методологиялык принцип катары гендердик ыкманы негиздөө;

3. библиялык булактардагы жана христианчылык феминистик философиядагы гендердик карым-катнаштардын манызын аныктоо;

4. курандык текстер менен исламдын феминистик философиясындагы гендердик карым-катнаштардын мазмунун ачып берүү;

5. феминистик-теологиялык системаны жана анын христианчылыктагы гендердик карым-катнаштардын өнүгүүсүнө баа берүүгө тийгизген таасирин талдоого алуу;

6. мусулман өлкөлөрүндөгү феминизмдин исламдагы гендердик карым-катнаштарды түшүнүүдөгү ролун жана тийгизген таасирин көрсөтүү;

7. постсоветтик Борбордук Азиядагы социалдык карым-катнаштардагы гендер менен диндин карама-каршылыктары менен бирдиктүү иш-аракеттерине талдоо жүргүзүү;

8. Азыркы Кыргызстандын диний процесстеринин алкагындагы гендердик карым-катнаштардын спецификасын ачып берүү.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жанылыгы**. Кыргызстанда азыркыга чейин гендердик ыкманы пайдалануу менен христианчылык менен исламды социалдык-философиялык жана дин таануучулук талдоого алууга арналган бир дагы изилдөө жүргүзүлгөн эмес.

Диссертациянын илимий жаңылыгы катары төмөнкүлөр кирет:

-феминизмдин социалдык-философиялык булактары ачылып берилип, феминизм гендердик изилдөөлөрдүн социомаданий жана методологиялык негизи болуп эсептелери такталды, андан тышкары_гендердик концепциянын методологиялык мааниси ачылып, гендер жана гендердик карым-катнаштар маселесин талдоого алуунун теоретикалык-методологиялык негиздери аныкталды;

-гендердик ыкма андроцентризмдин таламын талашкан жана аял затын активдүү субъект жана диний практиканын актору катары караган дин таануучулук жана теологиялык изилдөөлөрдөгү инновациялык методологиялык принцип катары көрсөтүлдү;

-салттуу диндик жана христианчылыктын феминистик философиясы өнүтүндөгү гендердик карым-катнаштардын манызы туурасындагы идеялык-теоретикалык булактарга компаративистик түшүндүрмө берилди;

-салттуу исламдагы гендердик карым-катнаштардын манызына жана анын феминистик-философиялык чечмеленишине салыштырмалуу талдоо жүргүзүлдү;

-феминистик теология өнүтүндө христианчылыктын гендердик карым-катнаштарынын теологиялык концепциялары талдоого алынып, библиялык герменевтиканын алкагындагы алардын трансформацияланууcу көрсөтүлдү;

-мусулмандык өлкөлөрдөгү феминистик кыймылдардын практикасы, курандык герменевтиканын ааламдашуу шарттарындагы исламдагы гендердик карым-катнаштардын трансформациялык процесстерге тийгизген таасири изилденди;

- азыркы мезгилдеги борбордук-азиялык аймактагы гендердик жана диний карым-катнаштардын карама-каршылык жана бирдиктүү иш-аракеттер спецификасы көрсөтүлдү;

-заманбап Кыргызстандагы диний дүйнө көз караш алкагындагы гендердик карым-катнаштардын өзгөчөлүктөрү ачылып берилди.

Илимий жанылыкка андан тышкары коргоого сунушталган негизги жоболорду да таандык кылууга болот.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Диссертациянын материалдары гендердик жана диний толеранттуулукка тарбиялоо үчүн базалык негиз катары кызмат кылышат.

Аталган изилдөө Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын, Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармачылыгынын, Кыргызстандагы орус православдык чиркөөсүнүн өкүлчүлүгүнүн, КРнын Президентинин аппаратынын бөлүмдөрүнүн, Өкмөттүн, Жогорку Кенештин, гендердик жана диний маселелерге тиешеси бар юстиция министрлигинин, ММКнын, диний жана аялдар өкмөттүк эмес бирикмелер менен уюмдардын эксперттери үчүн кызыгууну туудурат.

Диссертациялык изилдөөнүн теоретикалык-методологиялык принциптери, корутундулары жана натыйжалары дин таануудагы, социалдык философиядагы, теологиядагы, маданият, саясат таануудагы, социологиядагы ж.б. гендердик маселе боюнча билим берүүчүлүк курстарды даярдоодо колдонулушу ыктымал. Алар гендер жана дин менен гендердик карым-катнаштардын бирдиктүү иш-аракеттери маселеси боюнча илимий изилдөөлөр үчүн илимий кызыгууну жаратат.

Изилдөөнүн натыйжалары автор тарабынан (2008-2015-жж.) “Дин таануу” адистиги боюнча 2-4 студенттердин үчүн “Дин жана аял”, “диний дүйнө көз караш системасындагы гендердик карым-катнаштар”, андан тышкары 2017-жылдан азыркы мезгилге чейин Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин “Дин таануу” багыты боюнча 2-курстун

магистранттары үчүн “гендер жана дин” предметтери боюнча лекцияларды окууда жана семинардык сабактарды өтүүдө колдонулду.

Диссертациянын кээ бир натыйжалары диний экстремизмге жана жаштар чөйрөсүндөгү терроризмге каршы туруу максатында Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадио берүү корпорациясында өткөрүлгөн (2019-ж., февраль-май) «Эркин ой» интеллектуалдык ЖОЖ аралык телевикторинада апробацияланды.

**Коргоого сунушталуучу диссертациянын негизги жоболору**:

1. Феминизм социалдык кыймыл жана теоретикалык концепция катары гендерди социалдык-конструктивдик түшүнүүнү жана анын өндүрүштөгү гендердик айырмачылыктар менен тенсиздикти чагылдырууну билдирген гендердик изилдөөлөрдүн философиялык-методологиялык негизи болуп калды. Гендердик карым-катнаштар – субъект-объекттик мүнөздөгү эркек менен аялдын бийликтик бирдиктүү иш-аракеттик карым-катнаштарынын социалдык-маданий конструкциясы, гендердик топтор ортосундагы жаны моделдерди түзүүнүн келечеги менен маскулиндешкен гендердик ан-сезимди өзгөртүү дараметине ээ болгон кырдаалдык-детерминацияланган жана динамикалык процесс.

2. Гендердик изилдөөлөр инновациялык эпистемологиялык жана методологиялык шаймандар менен ыкмаларды, анын ичинде дин таануучулук жана теологиялык изилдөөлөрдөгү андроборбордук ыкмалардын жана аял затын активдүү субъект, диний салттардын актору катары караган теологиялык изилдөөлөрдүн таламын талашуучу гендердик ыкманы иштеп чыгуунун жардамы менен дин таанунун изилдөөчүлүк талаасын кенейтти.

3. Гендердик ыкма ортодоксалдык жана феминистик христиандык теологиянын дүйнө көз караштарынын диаметриялык карама-каршылыгын жыныстардын өз ара карым-катнаштары маселеси боюнча көрсөттү. Феминистик теологдор гендерди социалдык конструкциялоо методун колдонуу менен библиялык нормалардын дискриминациялык манызын ачып берди, ага ылайык аял заты анын “табигый” жактан толук кандуу эмес экендиги себеби боюнча социалдык чөйрөдөн жекеликке сүрүп чыгарылган “кошумча” субъект катары таанылган. Христиандык ортодоксалдар аялдардын баш ийүүчүлүк макамын гендердик нормалар менен негиздешип, ачык сексистик көрсөтмөлөргө ээ болгон күнөө кетирүү жана адамдын жаралуусу туурасындагы библиялык мифтерге негизделген. Коомдо болуп жаткан демократиялык трансформацияларга байланыштуу, азыркы глобалдык процесстердеги аял затынын ролунун өсүүсү менен гендердик карым-катнаштарды гармониялаштыруу тренди болууда, ал салттуу-регламенттешкен христианчылык менен гендердик ролдор аркылуу терен карама-каршылыкка барат.

4. Ортодоксалдык теологияга ылайык исламдык гендердик концепциянын манызы баарынан мурда Курандын нормаларына негизделип, исламда орноп калган табияттык “милдеттерин” эске алуу менен

жыныстардын бири-бирин толук туруучулук принцибинен келип чыккан гендердик карым-катнаштар чөйрөсүндөгү үй-бүлөлүк-никелик, мүлктүк жана жарандык карым-катнаштарды деталдаштырууда жана регламенттештирүүдө берилген. Тескерисинче, феминистик исламдык теология алардын мазмунунда гендердик дифференциациясы (аялдардын алектенүү чөйрөсү - үй-бүлө, эркектердики – коомдук ишмердүүлүк) жана жыныстардын дихотомиясы (аял- баш ийген алсыз жыныс, эркек – бийлик кылуучу жана күчтүү) менен гендердик асимметрияны ачып берет, алар: аял затынын эркектерге рахат алуу үчүн объект болуусу туурасындагы жаралуу догматында, милдеттери жөнүндөгү окуусунда, культтук ырым-жырымдарды аткаруудагы чектөөдө, полигамия жана обочолонуу практикасынын болуусу, никелик ажырашуу процессинде, бирдей эмес мүлктүк бөлүштүрүүдө чагылдырылган.

5. Гендердик ыкмага негизделген феминистик теология христианчылыктагы патриархаттык карым-катнаштар системасын алардагы теологиялык библиялык герменевтикалык кайра чечмелөө менен аялдардын заманбап диний практикасына жана аялдардын турмуштук көз карашында библиялык тексттерди жаны окуунун герменевтикалык методунун негизинде алардын кайра чечмеленүүсүнө ылайык келбеген андроборборлоштурулган жана мизогинистик теологиялык элестөөлөрдү кайра карап чыгуу жолу менен трансформациялоонун маанилүү механизми болуп эсептелет.

6. Ааламдашуу шарттарында мусулман дүйнөсүндө активдүү түрдө эки тенденциянын күрөшү болууда: биринчиси – исламдык феминизм – исламдык герменевтиканын принциптеринин базасында гендердик тен укуктуулукка жетүү максатында конституциялык реформалоого жана улуттук мыйзамдуулуктун трансформациялануусуна чечүүчү таасирин тийгизет; экинчиси – экстремистик жана террористик форматты жаратуучу гендердик карым-катнаштарды жөнгө салуунун фундаменталистик орто кылымдык принциптерин активдүү жандандырууга багытталган. Исламдык феминизм мындай антогонистик шарттарда жашап кетүү үчүн өзүнүн өнүгүүсүндө көп варианттуулукту көрсөтөт. Анын бирден-бир маанилүү багыттарынан болуп исламдык феминистик герменевтика эсептелет, анын принциптери патриархаттык жана аялды жек көрүүчүлүк көрсөтмөлөргө ээ болуп, азыркы мусулман аял затынын абалын жакшыртууда теоретикалык негиздер үчүн курандык жана башка сакралдык текстерди кайра чечмелөөгө шарт түзөт.

7. Борбордук Азиянын бардык постсоветтик республикаларында ислам демократиялык принциптерге багытталган аялдардын кейип жаткан кыймылдарына карабастан өзүнүн гендердик нормалары менен баалуулуктарын киргизүү боюнча активдүү позицияны ээлеп турат. Талаш-тартыштар, дискуссиялар ал тургай чыр-чатактар форматындагы гендердик карым-катнаштардын диний жана светтик моделдеринин айныксыз карама-каршы туруусу болууда, алар, биринчи кезекте, полигамия, коомдук

жерлерде хиджаб кийүү, жарандардын, анын ичинде аялдардын мамлекеттик жана коомдук денгээлдердеги диний-экстремистик уюмдарга тартылуусу.

8. Кыргыз Республикасынын либералдык режими мамлекет тарабынан диний конфессиялардын эркин жана көзөмөлсүз өнүгүүсүнө, калктын динчилдигинин өсүүсүнө, аялдар кыймылынын активдешүүсүнө жана заманбап гендердик саясаттын жүзөгө ашырылуусуна шарт түздү, ал болсо гендердик маселелерди чечүүдөгү салттуу исламдык жана азыркы светтик ыкмалардын ортосундагы карама-каршылыктарды курчутту.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Диссертациялык изилдөө жеке изденүүчү тарабынан аткарылды, ал өзүнө гендердик жана диний аспектилердин бирдиктүү иш-аракеттерин изилдөө боюнча көп жылдык иштердин натыйжасын камтып турат, аталган процессте аталган чөйрөдөгү классиктердин жана заманбап окумуштуулардын, практик адистердин эмгектери изилдөөгө алынды. Иште берилген бардык жоболор автордун жеке изденүүлөрүнүн негизинде негизделип, аргументтештирилди.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Изилдөөнүн негизги теоретикалык жоболору, анын корутундулары бир катар эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда жана семинарларда чагылдырылды (2007-2019 –жж.): XII илимий-практикалык конференция: «Современность: философские и правовые проблемы» (Бишкек ш., 2007-ж.), III Эл аралык илимий-практикалык конференция: «Государственно-конфессиональное партнерство и институализация духовного образования в РФ и странах СНГ» (Москва ш., 15-16 -декабрь, 2010-ж.), КМШнын өкүлдөрүнүн Эл аралык форуму: «Проблемы духовного просвещения в изменяющемся мире: опыт межцивилизационного диалога на пространстве СНГ» (Москва ш., 7-8-декабрь, 2011-ж.), Эл аралык илимий-практикалык конференция: «Сотрудничество вузов государств-участников СНГ в области духовного образования: актуальные проблемы и перспективные направления» (Москва ш., декабрь, 2012-ж.), Эл аралык илимий конференция: «Язык, культура и общество на перекрестке цивилизаций» (К.Карасаев атындагы БГУ, Цукуба Университети (Япония), Бишкек ш., 12-13 март, 2014-ж.), Эл аралык илимий-практикалык конференция: «Этнос. Общество. Цивилизация» (Уфа ш., 30-сентябрь, 2015-ж.), Кыргызстан философторунун I-Конгресси: «Философские проблемы образования и науки в условиях глобализации: теория и практика» (Бишкек ш., 21-ноябрь, 2019-ж.) ж.б.

Диссертациянын теоретикалык жана практикалык жоболору автор тарабынан «дин таануу» адистиги жана багыты боюнча иштелип чыккан «дин жана аял», «гендер жана дин» атайын курстарында колдонулду.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылуусунун толуктугу**. Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору жана корутундулары Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин грифи алдында «Дин жана аял» аттуу окуу куралында жана 43 илимий эмгектерде, анын ичинде 17 – чет элдик (Россия: Москва,

Йошкар-Ола, Тамбов, Уфа шаарларында, Польша, Япония, Таджикистан, Казахстан), КРнын ЖАК тарабынан рецензияланган 26- республикалык илимий мезгилдүү басылмаларда чагылдырылды.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү**. Иш киришүүдөн, өзүнө 8 параграфты камтыган төрт баптан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациялык изилдөөнүн көлөмү - 286 беттен турат. Колдонулган библиографиялык адабияттардын тизмеси - 286 аталыштан турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, билим берүүчүлүк жана илимий-изилдөөчүлүк мекемелер тарабынан жүргүзүлгөн ири илимий программалар, негизги илимий-изилдөөчүлүк иштер менен болгон байланышы негизделип, максаты, милдеттери, изилдөөнүн ыкмалары жана аппаратурасы, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси аныкталган жана коргоого сунушталган негизги жоболор тастыкталып, ошондой эле изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы көрсөтүлүп, изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы жана басмадан чыгышы тууралындагы маалмат келтирилген.

«**Диний дүйнө көз караш өнүтүндөгү гендер жана гендердик карым-катнаштарды изилдөөнүн теоретикалык-методологиялык маселелери**» аттуу биринчи бап гендердик изилдөөлөрдүн социомаданий жана методологиялык базасы катары феминистик концепциясына, гендер менен гендердик карым-катнаштардын манызы менен мазмунун аныктоого жана гендер менен диндин бирдиктүү иш-аракеттерин изилдөөдөгү методологиялык принцип катары гендердик ыкмага арналган.

Биринчи баптын «**Гендердик изилдөөлөр: феминизмден гендерге жана гендердик карым-катнаштарга**» аттуу биринчи параграфында гендердик карым-катнаштардын пайда болуусунун шарты катары каралып, гендер менен гендердик карым-катнаштардын манызы менен мазмуну ачылып берилет.

Диссертацияда белгиленгендей, гендердик изилдөөлөрдүн калыптануусу аялдардын кыймылы катары каралып, салттуу гендердик системанын сынына кабылып, гендердик ролдор менен патриархатттын жоголуусу менен социумдагы карым-катнаштарынын трансформациясын негиздеген. Идеологияга көз каранды болуу менен феминизмдин бир канча багыттарын бөлүп көрсөтөт.

Либералдык феминизм – феминизмдин кыйла эрте жана таанылган багыты, ал жеке эркиндик менен тандоо эркиндигинин либералдык-демократиялык принциптерине таянып, жыныстардын экономикалык жана юридикалык тен укуктуулугуна жетүү үчүн наразылык ишмердүүлүк менен байланышкан, ал өзүнүн максаты катары аялдардын билим алууга, добуш берүүгө, ишке орношууга, жекелик кылууга болгон укуктарын берүүнү коет. Гендердик тен укуктуулука жетүүнүн негизги каражаты катары

жыйынтыгында чыналган гендердик карым-катнаштарды алмаштырбаган мыйзамдуулук реформаларын эсептейт.

Марксистик же социалистик феминизм XIX кылымдын экинчи жарымында пайда болгон. Марксистик феминизмде таптык жана гендердик тенсиздиктин байланышы жеке менчик институтунун, социалистик феминизмде – социалдык патриархалдык карым-катнаштардын болуусу менен түшүндүрүлөт. Аялдарды куткаруунун ыкмасы болуп капитализмди революциялык жоготуу жана коомду социалдык-экономикалык өзгөртүү эсептелет, демек, гендердик тенсиздиктин экономикалык факторлоруна басып жасалып, капитализмге чейин эле жыныстардын тенсиздигинин болуу фактысы болгон.

Радикалдуу феминизм XX жүз жылдыктын алтымышынчы жылдары АКШда пайда болгон, аялдарды эзүүнүн негиздүү себептеринен болуп патриархат (бийлик системасы, анда эркеке жогорку бийлик жана экономикалык женилдиктер таандык) эсептелип, аны кулатууга аракет кылат, ал аялдын денеси патриархатта кандай пайдаланылып, аял затынын сексуалдуулугу басмырланарына көнүл бурулгандыгы менен баалуу. Анын кемчиликтерине: көпчүлүк учурларда биодетерменизмге жеткен эссенциализм, сепаратизм, евроцентризм жана универсализм таандык.

Психоаналитикалык феминизм фрейдизм менен энелик, аталык жана сексуалдуулук тууерасындагы радикалдуу теоретиктердин бир катар идеяларынын улануусун кайра карап чыгуунун негизинде калыптанган. Феминизм фрейддик психоанализге эки жактуу мамиле жасайт. Бир катар феминистердин (Б.Фридан, С. Де Бовуар, К Миллет, Г.Стайнем) көз карашында салттуу психоанализ аял затынын пассивдүүлүгү жана баш ийүүчүлүгүн бекемдөө үчүн зарыл. Башка феминистер (Ж.Грир, Д.Митчелл, Н.Чодороу, Д.Диннерстайн) адамзат психикасынын бейан аспектилерине кайрылуучу психоанализ коомдогу гендердик тенсиздиктин түпкүрдөгү себептерин ачып берүүгө жөндөмдүү. Биздин пикирибизде, З.Фрейддин изденүүлөрү психоаналитикалык феминизмдин алкагында гендердин философиялык-психологиялык концепциясынын калыптануусуна, гендер менен маданияттын бирдиктүү иш-аракеттеринин маани-манызына негиз салды.

Алдынкы теоретиктер Л.Иригарей, Ю.Кристевой, Х.Сиксу башында турган постмодернистик феминизм (къпчүлүк учурларда постфеминизм) С.де Бовуардын идеяларын өнүктүрүүнү улантышып, феминистик теологиянын негизги маселесин кайра карап чыгышкан: «Эмне үчүн аял – экинчи жыныс?», «Эмне үчүн аял башка нерсе?» деген суроону карап чыгып У.С.де Бовуар «башка жактык» түшүнүгүн алат, ал позитивдүү багытка ээ болуу менен реконструкцияланып, болмуштун, ойломдун жана сүйлөөнүн каражаты болуп эсептелет, ал аялдык реалдуулукка ачык болуп, ой жүгүртүүлөрдүн, көз караштардын, пикирлердин көптүгүнө болгон укука ээ болот. Постмодернизмдин пайдубалында четке кагуу эмес, айырмачылыктарды бекитүүгө багытталган тен укуктуулука болгон чакырык

орногон. «Башкачалык» кырдаалы постмодернистик феминизмде салттуу патриархаттык маданияттын баалуулуктары менен тажрыйбаларына карата сындык мейкиндикти түзүп, гендердик карым-катнаштардын деконструкцияларын бийликтик бирдиктүү иш-аракеттер катары кайра кароого шарт түзөт. Деконструкциялоочу дискурсивдик потенциал методологиялык жактан интерпретативдик (герменевтикалык) ыкманын жардамы менен ишке ашат, ал гендерди феминдик жана маскулиндик социалдык тажрыйбанын жана бирдиктүү иш-аракеттер менен кызматташтыктын карым-катнаштары катары гендердик карым-катнаштар өнүтүндө түшүнүүгө алып келет.

Демек, азыркы феминзим көптөгөн багыттарга ээ болуп, өзүнө курамы боюнча абдан ар тараптуу көрүнүштү камтып турат. Алардын ар биринин алкагында коомдогу аялдардын дискриминациясын түшүндүрүүчү жеке теория түзүлүп, өзүнүн методологиясы аныкталган, ал жыйындысында гендердик изилдөөлөрдүн калыптануусу жана өнүгүүсү үчүн теоретикалык-методологиялык негиз болуп калган. Биздин пикирибизде, патриархаттык гендердик карым-катнаштардын табиятын ийгиликтүү түшүнүү жана өзгөртүү үчүн методологиялык жактан үзүрлүү болуп постмодернистик феминизмдин алкагындагы интерпретативдик (герменевтикалык) ыкма эсептелет.

Заманбап гендердик изилдөөлөрдүн теоретикалык негиздери болуп гендерди социалдык жана маданий символ катары стратификациялык категория катары конструкуциялоо эсептелет.

Гендерди социалдык конструкциялаштыруу теориясы үч конструктивдик доктринага таянат:

а.Т.Лукман менен П.Бергердин концепциясы реалдуулукту социалдык конструкциялоону чагылдырат. Аталган окумуштуулардын пикиринде, социалдык реалдуулук бир эле мезгилде субъективдүү (субъектин өзү менен конструкциялануучу) жана объективдүү (субъекттен көз каранды түрдө жашайт). Социалдык реалдуулук объективдүүлүктүн талаптарын чагылдырат, анткени инсандан көз каранды жана аны институционалдык дүйнө адам тарабынан түзүлгөн объективдүү реалдуулук катары кабыл алгандыгына байланыштуу чечмелөөгө болот. Аталган концепциянын форматында гендер элестөөлөрдө, тажрыйбада, укуктарда жүзөгө ашырылган аялдык менен эркектиктин бирдиктүү иш-аракеттеринин күнүмдүк дүйнөсү катары каралат.

б. Р.Бейлз менен Т.Парсонстун эмгектеринде берилген жыныстык ролдордун концепциясында белгиленгендей, жыныстык ролдорду өздөштүрүү социалдаштыруунун жүрүшүндө болуп өтөт. Социалдашуунун субъекттери (мектеп, үй-бүлө, массалык маалымат каражаттары, тентуштар тобу ж.б.) маданий баалуулуктар менен нормаларды, анын ичинде маскулиндик жана феминдик үлгүлөрдү кабыл алуучу инсанды калыптандырат. Социалдашуу индивиддин ылайыктуу стандарттарын жүзөгө ашырууну жана өздөштүрүүнү билдирет.

в. И.Гофмандын символикалык интеракционизм концепциясы гендерди социалдык бирдиктүү иш-аракеттин жыйынтыгы жана ошол эле мезгилде анын булагы катары чечмелейт. Гендердик шайкештик социалдык бирдиктүү иш-аракеттин жүрүшүндө пайда болуп, бир кырдаалдын алкагын ашып өтүүчү инсандын «өздүгү» менен байланышта жана ал «өздүк» - бул дайыма болуучу практикалык текшерүүнүн объектиси болгондугу үчүн бирдиктүү иш-аракеттин ар кыл кырдаалдарында тастыкталуусу керек.

Демек, гендердин социалдык конструкциялануу идеясын таануу аларды кайра куруу жана деконструкциялоо мүмкүнчүлүгүн түшүндүрът. Бул калыптанган гендердик карым-катнаштарды эгалитардык коомду түзүү максатында деконструкциялаштырууга болот, анда бийликтик иш-аракеттердин иеархиялык макамдык-ролдук айырмачылыктары менен болгон карым-катнаштары жоголот, жыныстык тийиштүүлүкө карабастан бирдей мүмкүнчүлүктөр үчүн шарттар түзүлът.

Экинчи концепция гендерди стратификациялык категория катары түшүнът. Гендердик стратификация – социалдык стратификациянын негизи, гендер менен катар мындай категориялардан болуп этнос, тап, жаш-курак, раса эсептелет, аларды фундаменталдуу өзгөрмөлүү шарттаган гендердик система катары түшүнүүгө болот. Аталган ыкма гендер индивиддер менен коом тарабынан эле түзүлбөстөн, анын макамын, коомдук иеархиядагы ордун детерминациялоо менен социалдык субъекти конструкциялайт, бул жерде жыныстык белгилери боюнча гендердик системаны баш ийүүчүлүк жана бийлик боюнча калыпка салат.

Үчүнчү теория гендер постмодернистик жана философиялык концепциялардагы маданий метафора катары чечмеленет. Анын теоретиктери – Х.Сиксу, Л.Иригарей, Ю.Кристевой жыныстардын биологиялык дифференциациясы аялдык жана эркектик башталыштардын символикасынын жардамы аркасында маданиятта бекип, берилген деп эсептешет. «Аялдык» жана «эркектик» символикалык-маданий катарлардын компоненти катары функцияланат: эркектик-рационалдык-руханий-кудайлык-маданий жана аялдык – сезимдик-күнөөлүк-денелик-табияттык. Ушуга ылайык, принциптер, түшүнүктөр жана феномендер (табият жана маданият, сезимдик жана рационалдык, кудайлык жана денелик) «аялдык»/феминдик жана «эркектик»/маскулиндик башталыштар менен символикалык-маданий катардын жардамы менен шайкеш келет.

Ушуга ылайык, гендер өзүнө социалдык репрезентациялардын жана конструкциялардын спектрин камтып турат, табият тарабынан бекитилген маанилердин, институттардын, шайкештиктердин калыптануу жана жүзөгө ашырылуу процесси, ал тарыхыйлуу, динамикалуу, өзгөрмөлүү, анын функциялануусу социалдык жана маданий контексттер, ар кыл социумдардагы, тарыхый мезгилдердеги, социалдык таптардагы, этникалык топтордогу жана муундардагы гендердик карым-катнаштардын өзгөчөлүктөрү менен детерминацияланган.

Гендер категориясынын мазмуну жана манызы илимий дискурста дээрлик жаны категория болуп эсептелген «гендердик карым-катнаштар» аныктамасы менен байланышта детерминациялайт. Аталган түшүнүктүн социалдык-философиялык талдоонун планындагы начар иштелип чыгуусу аталган категорияга болгон методологиялык көз караштын зарылчылыгын обөективдештирүүнү жөнгө салды.

Ар кыл ыкмаларга негизделүү менен диссертанттын пикиринде, гендердик карым-катнаштарга ар кыл гендердик топтор ортосундагы карым-катнаштарды, андан тышкары биологиялык жынысынын параметрлери боюнча социалдык сегрегация жана иерархияда негизделген социалдык жашоонун ар кыл тармактарындагы субъектилерин да таандый кылууга болот, анткени патриархаттык типтеги гендердик карым-катнаштарды калыптандыруучу жана жүзөгө ашыруучу эркектик үстөмдүк кылуу менен мүнөздөлүүчү заманбап жана салттуу андроборборлоштурулган коомдун нормалары жана символдору менен түзүлгөн.

Демек, гендердик карым-катнаштар өзүнө үстөмдүк кылуучу идеологиянын алкагындагы кыйла жетиштүү туруктуулукка карабастан өзгөрмөлүү социалдык система менен биргеликте эволюцияланып, өзгөргөн социалдык конструкту камтып турат, бул жерде, гендердик карым-катнаштар – бул иеархиялык жана макамдык-ролдук гендердик карым-катнаштардын трансформациясында жүзөгө ашырылуучу жана ылайыктуу гендердик идеологиянын белгилүү бир социомаданий жана тарыхый алкагындагы индивиддин гендердик ан-сезиминде чагылууга ээ болуп, башка гендердик тартиптин калыптануусуна багытталган, активдүү өнүккөн процесс.

Биринчи баптын «**Гендердик ыкма гендер менен диндин бирдиктүү иш-аракеттерин изилдөөдөгү методологиялык принцип катары**» деп аталган экинчи параграфында гендердик ыкманын алкагындагы гендер менен дин талдоого алынат.

Феминистик кыймылдын экинчи толкуну күч ала баштаган мезгилден тарта анын теоретикалык изилдөөлөрүндө биринчи планга диний салттардагы аялдардын орду туурасындагы маселени талдоого алуу чыкты. Феминизмдин өнүгүүсүндөгү аталган багыттын негиз салуучусу катары изилдөөчүлөр М.Дэйли, В.Сэйвинг, Р.Рутер эсептелишет, динди социалдык феномен катары талдоого алышып, аялдар темасына гана басым жасашып, жалпы жонунан, алгач америкалык феминист Ш.П.Гилман тарабынан негизделген андроборбордук (борборунда эркектик къз карашты жайгаштыруу тажрыйбасы) принципке таянган. Таасын болгондой, аталган чъйрьдьгү изилдъьлър эркектик жана аялдык башталыштар поляризацияланып, иеархиялуу болуп, ичинде дин жана диний тажрыйбалар болгон белгилүү бир социомаданий мейкиндиктеги ар кыл денгээлдеги социалдык системалар менен эки жыныстын тен өз ара карым-катнаштарын, байланыштарын жана детерминацияларын изилдеген гендердик ыкма колдонулушу керек.

Гендердик изилдөөлөр коомдук өнүгүүдөгү аялдардын ролун толук четке кагууда, аларды кийинки планга жылдырган анча олуттуу эмес эпизоддор менен фрагменттерди келтирүү, эркектик тажрыйбада жана динге карата «маскулиндик» көз караште негизделген аялдардын диний тажрыйбаларынын манызы менен мазмунун бурмалоосунда көрүнгөн эркек изилдөөчүлөрдүн ангажирлөө себеби боюнча баштапкы булакпы, же комментарийлерби же талдоосубу көптөгөн диний текстердин мазмунунун субъективдүүлүгүн ачып беришти. Анын баары дин таануу жана теология тармагындагы методологиялык парадигмаларды аныктоодогу сындык ондоп түзөөлөрдүн сериясын жүзөгө ашыруу менен аталган маселелер менен кыйынчылыктарды кайра карап чыгуу зарылчылыгын тануулаган.

Алсак, дин таануучулук жана теологиялык изилдөөлөр «гендер» категориясынын ресурстары менен байланышкан инновациялык эпистемологиялык жана методологиялык ыкмалар менен байытыла баштаган, алардын талаптары: 1) динди изилдөөдө билимдердин өндүрүшүнүн андроборборлоштурулган негизин кайра түзүү; 2) аялдарды жана алардын диний тажрыйбасын эркектерден бөлбөй кароо, изилдөөнүн объектиси катары гендердик карым-катнаштар – тигил же бул диний конфессиянын алкагындагы ар кыл жыныстардын өкүлдөрүнүн ортосундагы бирдиктүү иш-аракет.  Гендер менен диндин бирдиктүү иш-аракеттерин изилдөөнүн тармагындагы эпистемология менен методологиянын синтезинин жардамы аркасында гендердик ыкма калыптанган, ага методологиялык ыкма жана каражат катары баа берүүгө болот:

-институционалдык диндердеги андроборбордук элестөөлөрдүн сыны жана трансформациясы;

-динди изилдөө чөйрөсүндөгү андроборбордун таламын талашуу;

-феминистик герменевтиканын принциптерин колдонуу менен диний тажрыйбанын активдүү агенти жана субъектиси катары аялдын укуктук ченеминин аргументациясы;

-изилдөөчүлүк өнүттө активдүү социалдык акторлор катары аялдардын муктаждыктарына жооп берүүчү руханий тажрыйбага багытталган тажрыйбалык-багыттык аялдык динчилдиктин альтернативдүү формаларын кароо.

Гендер менен диндин бирдиктүү иш-аракеттерин, алардын бири-бирине сүңгүп кирүүсү менен карама-каршылыгын талдоого алуу көрсткөндөй, көптөгөн кылымдар аралыгында дин эркектердин аялдардын үстүнөн болгон үстөмдүк кылуу кызыкчылыгындагы гендердик өз ара карым-катнаштардын негизги жөнгө салуучусу катары кызмат кылган. XX кылымдын экинчи жарымында – XXI  кылымдын башталышында дин менен гендердин ортосундагы бирдиктүү иш-аракеттердеги кырдаал трансформациялана баштаган, анда феминизм гендердин аспектисиндеги диний баалуулуктарга кайрадан маани берген. Ошол эле мезгилде, бир жагынан, ар кыл объективдүү жана субъективдүү себептер боюнча дүйнөлүк диндердин кадыр-баркы төмөндөсө, ал эми феминизмдин ролу жогорулай

баштаган. Экинчи жагынан, дүйнөлүк конфессиялардагы диний агымдардын бир бөлүгү радикалдуу формаларга ээ болуп, патриархалдык гендердик салттардын кайра жаралуусун жөнгө салды. Жалпы жонунан, диний багыттардын коомдук жашоодон, анын ичинде гендердик өз ара байланыштардан кетүү тренди үстөмдүк кылат, алар руханий-нравалык диний баалуулуктарсыз калып өзүнүн жеке өнүгүүсүндө радикалдуу трансформацияга дуушар болуп, түрү суук табигый эмес форматка, өздүк кыйроого чейин ээ болду. Андан тышкары, аялдардын бир бөлүгүнүн салттуу патриархаттык-багыттагы институционалдык диндерден оолактоо кырдаалы динчилдиктин башка салттуу эмес формаларын (мухерист дини, вуманизм, Аял кудайларынын дини, феминистик дин – «аялдык спиритуалдык» ж.б.) издөө жана андан аркы прозелитизмди (өтүүнү) жөнгө салып, эгалитардык нондискриминациялык мүнөздөгү принциптер менен баалуулуктарды демонстрациялайт.

Ошентип, гендердик изилдөөлөр менен феминизм теоретикалык-методологиялык алкак катары жыйындысында объектиси менен предмети катары дин эсептелген социогуманитардык билимдердин талдоо дараметин кенейтти. Дин таануучулук жана теологиялык изилдөөлөрдөгү гендердик ыкманы калыптандырууга адаттык андроборбордук патриархалдык коомдон тышкары турууга, андан тышкары динде жана азыркы динге ишенген адамдын жашоосунда орунга ээ болгон бардык айырмачылыктар менен карама-каршылыктарды көрүүгө даяр турган активдүү субъект жана диний салттардын актору катары аялды бир тараптуу кабыл алууга жана аялдык диний тажрыйбаны «мыйзамдаштырууга» алып келүүгө шарт түзгөн теория, методология, ыкма катары баа берүүгө болот.

«**Диний окуулар жана гендердик карым-катнаштар тууралсындагы христианчылык менен исламдын феминистик философиясы**» аттуу экинчи бапта библиялык жана курандык текстердеги гендердик карым-катнаштардын жана христианчылык менен исламдын феминистик философиясынын манызы менен мазмуну талдоого алынат.

Изилдөөнүн **объектиси** болуп христианчылык менен исламдын диний дүйнө көз карашындагы гендердик карым-катнаштар, ал эми **предмети** болуп –дүйнө көз караштык аспектидеги гендер менен диндин (христианчылык, ислам) бирдиктүү иш-аракеттеринин калыптануусунун, өнүгүүсүнүн, трансформациялануусунун жана келечегинин өзгөчөлүктөрү эсептелет.

Экинчи баптын **«Библиялык текстердеги жана христианчылыктын феминистик философиясындагы гендердик карым-катнаштар»** аттуу биринчи параграфында белгиленгендей, коомдук ан-сезимдин формасы жана турмуш-тиричиликтик карым-катнаштардын негизи болуу менен социумдагы гендердик ролдорду негиздөөнүн бирден-бир маанилүү булагы болуп эсептелет. Коомдогу гендердик карым-катнаштардын калыптануусу үчүн олуттуу таасирин тийгизген диний системаларга айныксыз түрдө иудейлик, христиандык жана мусулмандык дин таандык. Иудейлер жана

христиандардын ыйык китеби болуп эсептелген Жаны Осуяттын өзү үй-бүлөлүк эле эмес, коомдук жашоодогу да эркектин үстөмдүк кылуусун орнотуу менен гендердик карым-катнаштардын базалык негиздерин түздү.

Жыныстардын өз ара карым-катнаштары маселеси боюнча христиандык дүйнө көз караштагы карама-каршылыктардын бардыгы Библиянын Эски Осуятында берилген аял менен эркектин жаралуусунун эки жактуу түшүндүрмөсүнөн келип чыгат. Бир жагынан, мындай аныксыздык менен көп тараптуулук христиандык дүйнөдөгү аялдын ролу туурасындагы көп кылымдык талаш-тартыштар менен дискуссиялар үчүн негиз түздү. Экинчи жагынан, аталган карама-каршылыктардын терендиги аталган маселе боюнча өткөн менен азыркыда Ыйык Жазуу эсептелген христиандык теологияны ортодоксалдык жана феминистик, идеялык-теоретикалык булактарга жайылтты. Ошондуктан гендердик карым-катнаштар боюнча аталган эки теологиялык тренддин жашоого укуктары бар жана бири-бири менен күрөшүп, алардын синергетикасы менен конвергенциясынын мүмкүнчүлүктөрүн боолголоо кыйла кыйынга турат. Жыныстар ортосундагы өз ара карым-катнаштардын христиандык концепциясынын трансформациялоо жолу сөзсүз түрдө ортодоксалдык теологиянын же христиандык салтттын алкагындагы христиандык феминизмдин аннигиляциясына алып келет.

Феминистик теологдор салттуулуктун жактоочуларынан айырмаланып, библиялык нормалардын андроборборлошкон дискриминациялык манызын ачып берүүчү гендердик ыкманы пайдалануу менен жаратуу жана күнөө кетирүү актыларын чечмелешет. Христиандык ортодоксалдар күнөө кетирүү актысында коом менен үй-бүлөдөгү аялдарды дискриминациялоодогу негизди негизди көрөт, негизги күнөөнүн баары адамзаттын тукумун улантуучу - Евага жүктөлгөн күнөө жасоо туурасындагы библиялык миф мыйзамдаштырылат. Анын натыйжасында диний догматика менен эки мин жыл аралыгындагы христиандык аялдын кыйла төмөнкү жана экинчи денгээлдеги социалдык макамы бекитилип, жүзөгө ашырылат. Адамзаттын аялзат бөлүгүн эксплуатациялоо жалпы жонунан христиандык цивилизациянын өнүгүүсүнүн маанилүү механизми жана кыймылдаткычы болуп эсептелет. Күнөө жасоо туурасындагы мифке таянуу менен аталган модель азыркы реалийлерге адекваттуу эмес жана коомдун өндүрүштүк күчтөрүнүн андан аркы өнүгүүсүн артка тартат, алардын арасында аялдар бирден-бир үстөмдүк кылуучу факторлорду камтып турат, ошондуктан ортодоксалдык христиандык догмалар менен чектелген гендердик карым-катнаштар заманбап глобалдык процесстердеги аял затынын ролунун өсүүсүнө ылайык түп-орду менен болгон трансформацияларга дуушар болушат. Ошондуктан христиандык теология реалдуулуктан жана күнөө жасоо туурасындагы мифтен аялдын көз каранды, дискриминациялык, экинчи денгээлдеги макамынын идеялык-теоретикалык негизи катары маанилүүлүгүнөн баш тартуусу керек. Башка учурда кудайга ишенген христиандардын арасындагы аялзаты олуттуу түрдө азайат.

Ошентип, адамдын жаралуусу жана күнөө кетирүүсү туурасындагы миф коомдун патриархаттык багыттарын көбөйтүүгө чон из калтырат, анда аял социадык карым-катнаштардын көмөкчү субъектиси катары каралат. Эркектик жана аялдык дихотомиясы социум менен универсумдун туруктуулугуна колдоо көрсөтүүчү оптималдуу жол менен иеархиялык тартипти калыптандырат. Христанчылык идеологиялык салттуу патриархаттык ыкманы орнотот: аял затынын чөйрөсү – жеке тармак, эркектер – коомдук жана өндүрүштүк ишмердүүлүк. Аял затынын функцияылануусунун негизги тармагы менен үй-бүлө жана балдары, күйөөсүнө кам көрүү менен декларацияланат. Христиандык ортодоксалдар менен берилген базалык аргументке ылайык үй-бүлөлүк тармак аял затынан анын табиятынан берилген жана ар бир заттардын болгон абалдарын трансформациялоо аракети күтүлбөгөн натыйжаларга алып келиши ыктымал.

Биздин пикирибизде, аялдардын реалдуу гендердик тенсиздиги заманбап терен ишенген христиан жана жалпы эле калган катмар үчүн мааниге ээ болгон адамдардын жаралуусу жана күнөөгө батуусу туурасындагы библиялык мифтерге кыйла олуттуу таасирин тийгизген жок. Коомдо христиан дини менен жөнгө салынган жүрүм-турумдун христиандык нормалары жана жыныстардын макамы чон роль ойношот. Аталган моделдер христиан маданиятынын, анын ичинде заманбап маданиятынын канына синди. Аларда эркектин үстөмдүк кылуусу жана социумдагы аялдын экинчи, кошумча орду жатат, ал аял затынын жашоо ишмердүүлүгүн, негизинен үй-бүлө менен никенин чектелүүсүндө турат. Гендердик карым-катнаштардын аталган аспектиси христиандык ортодоксалдар менен христиандык феминисткалардын ортосундагы күрөштүн аренасы эсептелет. Бүгүнкү күнү үй-бүлөлүк тиричиликтин технологиялашуусуна, аялдардын билимдүүлүгүнүн жогорку денгээлине, ал тургай кээде коомдун эркектер бөлүгүнүн билимдүүлүгүнүн басымдуулугу, урбанизация, эркектер эле эмес, аялдардын басымдуу бөлүгүнүн кызматтык көтөрүлүүгө болгон аракети. Бул жерде жыныстардын бири-биринен экономикалык, саясий, социалдык жана руханий-адеп-ахлактык аспектилердеги көз карандылыгын байкоого болот, ал христианчылык тарабынан салттуу-жөнгө салынган жыныстык ролдор менен терен карама-каршылыкка барат. Экономикадагы, саясаттагы, маданияттагы, искусстводогу, илимдеги, мамлекеттик башкаруудагы аялдардын мүмкүнчүлүктөрүнүн толук кандуу, табигый чектелүүсү туурасында жарыя кылган стереотиптер реалдуулукка ылайык келбейт. Ушундай коомдук адатка айланган көз караштарды алдын алуу багытында христиандык феминистик кыймыл өнүгөт.

Экинчи жагынан, христиандык феминизм жыныстар ортосундагы бирдиктүү иш-аракеттердин, адамдын көбөйүүсүн, балдарды жана жаш муундарды тарбиялоонун нормалдуу форматтарын жоготуп албоо үчүн прогрессивдүү христиандык салттарды сактоого муктаж. Батыш

дүйнөсүндөгү христиандык баалуулуктарды жоготуп алуу диний эле эмес, гендердик шайкештиктин да жоголуусуна алып келет. Бардык салттуу дүйнө улам өсүп жаткан трансгендердик трансформациялардын айынан терен кризиске кабылды. Бул коомдун чакырыктары диний баалуулуктарды сактоону талап кылат. Өзүнүн гендердик шайкештигин сактоо максатында чиркөөгө наараазы болгон христиандар башка, кыйла ылайыктуу динди тутунууга жөндөмдүү.

Экинчи баптын «**Курандык жоболор менен исламдын феминистик философиясындагы гендердик карым-катнаштардын мазмуну**» аттуу экинчи параграфында мусулман дининин идеялык-теоретикалык булактагы жана анын феминистик-философиялык чечмеленишиндеги гендердик карым-катнаштардын манызы талдоого алынат.

Курандык жоболорго таянган ортодоксалдык исламдык теологияда гендердик карым-катнаштардын маанилүү нормалары болуп тъмънкүлър эсептелет: аялдын эркектин кабыргасынан жаралышы, ошого байланыштуу коомдогу экинчи ролдогу макамга ээ болуусу; аял заты Кудай тарабынан сексуалдык карым-катнаштардын толук кандуу субъектиси болуп, ырахат алуу жана тынчтануу үчүн жаратылган; сексуалдуулук табигый сезим жана Кудайлык жардамдын каражаты, он жолдогу адамдарга тигил дүйнъдъгү бейиштик жашоодогу сыйлык катары каралат; аял менен эркектин руханий тендиги; ислам аялга кесипкъйлүк культтук ишмердүүлүк менен алектенүүгъ тыюу салат, анткени аял – периште эмес, ал эми бардык периштелер – эркектер.

Исламдагы аталган нормалардан тышкары аял үчүн көптөгөн дискриминациялык жоболор менен талаптар бар: полигамия тажрыйбасы; аялдардын мечиттердеги жана сөөк коюучулук-аза күтүүчүлүк ырым-жырымдарга катышууга болгон чектөөлөр, аялдардын никелик ажырашуулардагы жана үй-бүлөлүк, мүлктүк, мурастык карым-катнаштардагы, сот процесстериндеги укуктарын бузуу; күйөөсүнө, үй-бүлөсүнө жана ишенимине кызмат кылуу алкагындагы инсандык өнүгүүсүн чектөө; мусулмандык атрибутика аялдын кийиминин стилин жана мүнөзүн катуу жөнгө салат; үй-бүлө менен коомдогу аялдардын жүрүм-турумдарынын белгилүү бир алкактары бар, алардын бузулуусунда аял эле эмес, эркек дагы жоопкерчиликте турат.

Гендердик исламдык концепцияга ылайык, мусулмандык коомдогу социалдык функциялар менен ролдор гендерлик жактан дифференцияланган (аялдын алектенүү чөйрөсү – үй-бүлө, эркектики – коомдук ишмердүүлүк) жана дихотомиялуу (аял-баш ийген жана алсыз жыныс, эркек – бийлик кылуучу жана күчтүү).

Исламдык теология гендердик тен укуктуулукту укуктар менен милдеттердин чагылуусунан көрөт, ал дайыма эле шайкеш боло бербейт, демек, тендик менен шайкештикти окшоштурууга болбойт, анткени алар ар кыл көрүнүштөрдү камтып турат.

Идеялык-теоретикалык булактардан, баарынан мурда Курандан келип чыккан салттуу исламдагы гендердик нормалар баарынан мурда, курандык жоболорго негизделип, исламда орноп калган бири-бирин толуктап туруучулук, жыныстардын ар биринин табигый мүнөздөмөлөрүн адекваттуу чагылдыруу үчүн эки жактуу компенцациялоочу принциптен келип чыгат. Феминистик исламдык теология гендердик дифференциацияда көрүнгөн социалдык функциялар менен ролдордун (аял – баш ийген жана алсыз жыныс, эркек – бийлик кылуучу жана күчтүү) жана жыныстардын дихотомиялуулугунда көрүнгөн алардын гендердик асимметриясын ачып берди, алар төмөнкүлөрдө берилген: аялдын эркектерге ырахат тартуулоо, культтук ырым-жырымдарды аткаруудагы чектөө, полигамия тажрыйбасынын болуусу, никелик ажырашуу процесси, бирдей эмес мураскорчулук ж.б. милдеттери туурасындагы окуу, жаралуу жөнүндөгү догмат. Феминистик теологдор Ыйык Жазуунун жоболорунан алыстабастан сексистик гендердик нормиалардын сынына дуушар болушуп, алардын андроборбордук мүнөзүн ачыка чыгарып, исламдык маданияттын форматында альтернативдүү динчилдикти калыптандырууга аракет кылат.

Ошону менен бирге, исламдык феминистик теология мусулмандык диндеги гендердик маселени чагылдырууга аракет кылат. Мусулманчылыкта христиан динине караганда феминистик көз караштар начар, ал исламдын коомдук дүйнө көз карашка болгон олуттуу таасири, исламдык интеллигенциянын элитасын түзгөн исламдык ойломдогу ортодоксалдардын үстөмдүк кылуучу өкүлчүлүгү менен детерминацияланган. Мусулмандык феминист аялдар исламдык интеллигенциянын элитасын түзгөн ортодоксалдар тараптан болгон куугунтуктоолор менен жемелөөлөрдөн коркушат. Бирок, ортодоксалдардын олуттуу бир баш тартууларына карабастан социумдун бардык тармактарындагы аялдык тен укуктуулука болгон тренд кээ бир мусулмандык мамлекеттердеги аялдардын өздүк ан-сезиминин калыптануусунун фактору катары исламдагы феминизмдин пайда болуусун жөнгө салды. Исламдык феминист аялдар Ыйык Жазуунун жоболорунан оолактабастан жана исламдык маданияттын форматындагы альтернативдик динийликтин калыптануусуна аракет кылуу менен Курандын сексистик нормаларынын сынына дуушар болот.

Азыркы теологиялык концепциялар менен ыкмаларда эки карама-каршы тенденциялар байкалган, бир жагынан, исламдын дин окутуучулук булактарында жаткан дискриминациялык гендердик нормалардын трансформациясы, ал эми экинчи жагынан, алардын консервациясы менен андан аркы фундаменталдашуусу уланат.

Аталган тенденциялардын ортосундагы карама-каршылыктардын мүнөзү ар кыл исламдык мамлекеттерде өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ, аларга тарыхый факторлор, үстөмдүк кылуучу исламдын модели, диний саясат, гендер менен диндин бирдиктүү иш-аракеттери маселеси боюнча диний саясат, саясий партиялардын программалары менен ишмердүүлүгү, аялдар

кыймылынын өнүгүүсү жана масштабы, батыш өлкөлөрү жана эл аралык уюмдар менен өз ара карым-катнаштар, жашоо-турмуштун денгээли ж.б.у.с.

Демек, жалпы жонунан, ислам эркек аялдын үстүнөн болгон үстөмдүк кылуусун колдойт. Ислам тарабынан тажрыйбаланган аталган бардык чектөөчүлүк дискриминациялык форматтар өзүнө алдын алуу же заманбап реалийлерге ыйгайлашуу максатында исламдын феминистик теологиясынын ишмердүүлүгү үчүн көп аспектилүү актуалдуу объекти камтып турат. Акыркысына дүйнөдөгү керемет өзгөрүүлөр эле эмес, либералдык феминистик кыймыл менен жетектелүүчү дүйнөлүк коомдук пикирдин тоталдык прессинги да таандык. Азыркы мезгилдеги аялдар маселеси демократиялуулук менен тигил же бул дүйнөлүк диндин байлануусуна көз каранды болбостон бардык цивилизациялуулуктун индикатору болуп эсептелет. Ал эл аралык карым-катнаштардын, өзгөчө өнүккөн демократиясы бар өлкөлөрдүн денгээли менен мүнөзүнө таасирин тийгизет. Биздин пикирибизде, азыркы исламдын феминистик философиясы мусулмандык суррогаттардын кенири таралуусуна, фундаменталистик негиздеги аялдар маселесин чечүүгө карабастан чыныгы исламда негизделген гендердик баалуулуктар менен таанышуу жана жайылтуу максатында Африканын, Азиянын жана Европанын исламдык коомчулуктарында пайда болгон өзүнүн идеяларын алдыга жылдыруу ишмердүүлүгүн активдештирет.

«**Христианчылык менен исламдагы гендердик карым-катнаштардын трансформациялануу өзгөчөлүктөрү жана келечеги**» аттуу үчүнчү бап 2 параграфтан турат.

Үчүнчү баптын «**Феминистик теология жана христианчылыктагы гендердик карым-катнаштардын келечеги**» аттуу биринчи параграфта феминистик-теологиялык системалар жана алардын христианчылыктагы гендердик карым-катнаштардын өнүгүүсүнө баа берүүсүнө болгон таасири талдоого алынат.

Азыркы учурда феминизм өсүп жаткан глобализациялык социалдык революциянын олуттуу кыймылдаткыч күчүнө трансформацияланды. Көп аспектилүү социалдык феномен, феминистик тренд катары дин иретинде башка маанилүү коомдук көрүнүш менен бирдиктүү иш-аракетке барган.

Дин коомдогу гендердик карым-катнаштардын мүнөзүн иштиктүү шарттайт жана динамикалуу түрдө өзгөрмөлүү социалдык тажрыйбага ылайык келбеген өзүнүн догмаларынан оолактаганга даяр эмес. Салттуу жана трансформацияланган көз караштардын ылайык келбөөсү конфликттер менен гендердик карым-катнаштардагы карама-каршылыктарга алып келет. Мындай кырдаал феминистик теология сыяктуу синтетикалык социалдык продуктунун жаралуусуна алып келет.

Феминистик теология өзүнө изилдөөнүн предмети катары диний мейкиндиктеги, руханий ырым-жырымдар менен тажрыйбадагы аялдык түшүнүгү кызмат кылат. Феминистик теологиянын максаты болуп феминистик сындын, чиркөөдөгү азыркы аялдын ролуна маани берүүнүн

жана анын диний тажрыйбасын түшүндүрүү, билдирүү жана жеткирүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүү эсептелет. Феминистик теологдор салттуу теологдордон айырмаланып өзүнүн методологиясында гендердик ыкмаларды колдонушат.

Д. Пласков, М. Дэйли, Р. Шоп, С. Гриффин, Ю. Кристева, Р. Рушер, А. Рич, Л. Иригарей сыяктуу окумуштуулардын эмгектери феминистик-теологиялык теориянын калыптануусуна баа жеткси салымдарын кошушкан, анын базалык түшүнүгү – «патриархаттык дин» аныктамасы иштелип чыккан. Феминистик теологиянын пикиринде, бардык улуттук жана дүйнөлүк диндерде аталган диний системалардын алкагында функцияланууучу жана аялдарды руханий мейкиндикте чектеп, аларды руханий жашоонун мыйзамдуу механизмдеринен оолактаткан патриархаттык багыттар бар.

Феминистик теологиянын башкы методологиялык негизи болуп сакралдык тестерди окуунун спецификалык герменевтикалык (интерпретативдик) методу эсептелет, анын борбордук маанисин үч түзүүчү – тексти колдонуучу, текстин өзү жана аталган текст жазылган кырдаал. С.Макфаги [McFague, S. Metaphorical Theology: Models of God in Religious Language [Text] / S. McFague. - Fortress Press: 1982. - P. 3] акыйкат белгилегендей, Ыйык Жазууну маныздык чечмелөө маданий чөйрөнүн тарыхый өзгөчөлүктөрүн, интеллектуалдык денгеээлин жана колдонуучунун, текстин авторунун социалдык тажрыйбасын эске алуу менен жүргүзүлүүсү керек. Э.Шюсслер Фиоренца [Schussler Fiorenza E. Wisdom Ways: Introducing Feminist Biblical Interpretation [Text] / Maryknoll Orbis Books: 2001.- P. 96-97] белгилегендей, феминистик библиялык геременевтика ыйык жазуучулук текстин маалыматтуулугун түп-орду менен жакшыртып, аны курчап турган дүйнөдөгү өзүн жана ордун андап билүүгө, андан тышкары өзүнүн укугунун басмырлануу денгээлин түшүнүүгө жана эмансипациясынын механизмдерин табууга алып келет. Жалпы жонунан, Библияга маани берүүдөгү феминистик герменевтикалык ыкма аялдык келечектин алкагында жүзөгө ашырылып, аялдардын акторлугунун жана субъекттүүлүгүнүн кабыл алуусунун новатордук форматына багытталган.

Феминистик библиялык герменевтика эки негизден турат: 1. «шек саноочулуктун» герменевтикасы, ал патриархаттык гипотезаларды, маскулиндик-борборлоштурулган форматтар менен кош маанилүү белгисиз мотивдерди ачыка чыгаруу максатында таап чыгат; 2. Ыйык жазуучулук текстерди эс-тутумду калыбына келтирүү аркылуу кайра өзгөртүү герменевтикасы –Жазуудагы аялдардын субъекттүүлүгү, жашоо ишмердүүлүгү жана акторлугу тууралсындагы эс-тутумду кайра жандандырууга багытталган.

Эгерде мурун христианчылыктын негизги импульсу жана феминистик талдоонун объектиси болуп диндеги аялдардын абалы эсептелсе, азыркы мезгилде болсо – бул христиандык структуралардын жана дин таануучулук илимдердин трансформациялануу, жаңылануу жана кайра куруу

мүмкүнчүлүктөрүнүн маселеси. Азыркы шарттарда феминистик теология универсалдуу интеллектуалдык тренддин компоненти болуп эсептелет жана гендердик ыкманы пайдалануу менен библиялык текстерге кайра маани берүү жолу менен патриархаттык принциптин ролу менен маанисин жоготуу менен заманбап христианчылыктагы аялдык макамды түп-орду менен трансформациялоо жана келечектүү эволюциясынын рефлексиясын камтып турат. Андыктан библиялык текстерди гендердик ыкманы пайдалануу менен кайра карап чыгуу керемет сөз болуп аялдардын дискриминациясына үндөгөн жана ага каршы чыккан немизогинистик мүнөздөгү библиялык көрсөтмөлөр эсептелет деген постулатка таянуусу керек.

Азыркы феминистик теологдордун көз карашындагы гендердик карым-катнаштардын бурмаланган салттуу христиандык элестөөлөрүнүн башкы негиздери болуп төмөнкүлөр кызмат кылышат: биринчиден, дүйнө менен адамдын жаралуусу туурасындагы космогогиялык мифтин туура эмес берилүүсү, анын натыйжасында аялдын эркектен болгон көз каранды абалы орноп калган; экинчиден, Кудайды сүрөттөөдө маскулиндешкен тилдик каражаттарды колдонуу, ал эркектик башталышты аял кудайынын жоктугунда жогорку стандарт катары карайт; үчүнчүдөн, Кудай энеси – Бийкеч Мариянын образын идеалдаштыруу, ал аялдык обөектик баалуулуктарды пропагандалоо менен реалдуу аялдардын жашоосунан алыс болуп, эркектерге салыштырмалуу алардын баш ийүүчүлүгүн, көз карандылыгын, жооштугун жана экинчи орунда экендигин шарттап турат.

Христиандык дүйнө көз караштагы гендердик карым-катнаштардын келечеги туурасында кеп кылуу менен белгилей кетүүчү нерсе, батыш жер шарындагы салттуу христиандардын саны азайууда, алардын көпчүлүгү диний баалуулуктарын светтик-либералдыка алмашууда, исламга, буддизмге, индуизмге жана азыркы диний кыймылдар менен культтарга өтүп кеткен прозелиттердин саны өсүүдө. Христианчылыка түндүк-америкалык жана европалык калктын олуттуу депопуляциясы олуттуу таасирин тийгизүүдө, жалпы жонунан, батыш өлкөлөрүндөгү христиандардын диний дүйнө көз караштарынын начарлоосунун натыйжасы болуп эсептелет, бирок башка да тенденция бар. Христиандык конфессиялардын активдүү миссионерчилигинин жардамы менен өнүккөн өлкөлөрдөгү, анын ичинде постсоветтик мейкиндиктеги паства өсүүдө. Аталган региондордо да аталган диний дүйнө көз караштын алкагында гендердик карым-катнаштарды түшүнүү менен христианчылыктын активдүү калыптануусу жүрөт, бул болсо – Кытайдагы, Индиядагы, Япониядагы, Кореядагы жана башка көптөгөн азиялык, африкалык өлкөлөрдөгү миллиондогон христан динине ишенгендер. Ошондуктан, эгерде Батышта христианчылыктын гендердик баалуулуктарын карманып, ишенгендердин саны терс кыскарууда, ал эми Чыгышта жана түндүктө олуттуу түрдө өсүүдө. Биздин пикирибизде, христиандык дүйнө көз караштагы гендердин орду жана ролу азыркы дүйнөдө да актуалдашууда.

Феминистик-теологиялык идеологияны институтташтыруунун алкагында постсоветтик коомдо кандай келечек күтүп турат? Бардык постсоветтик мейкиндикте, анын ичинде Борбордук Азиянын республикаларында, өзгөчө акыркы жылдары Батыш тараптан колдоого алынып, каржыланып жана салттуу диндердин парадигмаларына каршы турган ар кыл аялдардын ӨЭУ (НПО) тарабынан активдешкен феминистик маанайлар калыптанып, өнүгөт. Бирок аны менен бирге христиандык жана мусулмандык аялдардын коммерциялык эмес уюмдары түрүнүдөгү феминистик-теологиялык форматтар өнүгөт.

Феминистик теология азыркы мезгилде өз орду бар глобалдык демократиялык процесстерди чагылдыруу менен гендердик эгалитаризмдин алкагындагы аялдардын диний тажрыйбасына болгон стереотиптик мамилени трансформациялоо максатында динге феминистик жана гендердик изилдөөлөрдү жүргүзүүнү сунуштайт. Бүгүнкү күнү гендердик карым-катнаштардагы эркектик жана аялдык позициялардын конвергенциясы болууда, бул жерде аталган процесстеги бирден-бир ролду феминистик теология ойнойт, анын идеясы эрте христианчылыктын негизги постулаттарына каршы келбейт. Демек, феминистик теологиянын принциптери эрте христианчылыктын эгалитардык негиздерине кайтууну шарттайт жана ошондуктан азыркы социумдагы популяризациянын келечектерине ээ. Денеликти, сексуалдуулукту рух менен дененин өз ара байланышынын продуктусу катары калыбына келтирүү аялдын экспрессиясынын потенциалынын кенейүүсүн шарттап эле тим болбостон, экинчи жагынан феминизм теологиясын жактаган эркектерге да, өзүн, социумдагы ордун кыйла адекваттуу жана негиздүү кабыл алууга багыт берип, жандан, денеден жана рухтан турган адамдын үч ченемдүү конструкциясын гармониялаштырат.

Демек, феминистик теология аялдардын руханий тажрыйбасындагы христианчылыктын салттуу көз караштарын толеранттуулук, сексистик ынанымдарды жоготуу жана аялдардын азыркы тажрыйбасына ылайык андроборборлоштурулган элестөөлөрдү, модернизацияны кайра карап чыгуу жолу менен көрсөтмөлөрдү трансформациялоого багытталган. Өзүнүн максаттарына жетүү үчүн феминистик теология феминистик герменевтиканы аялдардын турмуштук тажрыйбасынын көз карашында библиялык текстерди жаңыча окуунун механизми катары колдонот. Ар кыл диндердин феминистик сынын жайылтуу индивиддин укуктары менен эркиндиктеринин, анын ичинде руханий тармактагы гендердик комплиментарлуулуктун алкагындагы коомдук демократиянын өнүгүүсү менен байланышкан.

Үчүнчү баптын «**Исламдык феминизм жана исламдагы гендердик карым-катнаштардын трансформациясы**» аттуу экинчи параграфында феминистик исламдык теологиянын жана ислам өлкөлөрүндөгү гендердик карым-катнаштарды реконструкциялоодогу феминистик мусулмандык кыймылдардын ролу көрсөтүлгөн.

Белгилүү болгондой, ислам дүйнөсүндөгү аял затынын коомдук-укуктук макамы көпчүлүк учурларда мыйзамдуулукка караганда салттуу механизмдер, диний догмалар менен аныкталат жана аялдар маселесин исламдан тышкары талдоого алууга жана манызын терен чечмелөөгө мүмкүн эмес. Батыш изилдөөчүлөрү мусулман мамлекеттериндеги аял заты өзүлөрүнүн жарандык укуктары, биринчи кезекте исламдык канондор менен чектелген. Мусулмандык идеологдор, тескерисинче, исламдын доктринасы инсандын ар тараптуу өнүгүүсүн жыныстык белгилери боюнча кандайдыр-бир чектөөлөрү менен бекитип, стимулдаштырат. Ислам мусулман аялдарынын өнүгүүсүн бардык социумдун ырааттуу функцияланушунун маанилүү шарты катары баа берет. Анын натыйжасында, исламдык аныктамадагы коомдук өнүгүү өзүнүн негизи катары адеп-ахлактуулукка жана социалдык тендике ээ болот.

Мусулмандык мамлекеттердин басымдуу бөлүгү аялдардын эркектердикиндей эле укуктарына кепилдик берүүчү укуктук мамлекет денгээлине жеткен жок. Мусулмандык мамлекеттер азыркы учурда исламдык жана укуктук мамлекеттер ортосундагы моделдерде турат. Бул мусулмандык дүйнөдөгү фундаменталистер жана модернистер ортосундагы антогонистик карама-каршылыкта турат.

Мусулман мамлекеттериндеги аялдардын укуктарындагы чектелүүчүлүк социумдун социалдык-саясий өнүкпөгөндүгү, ислам өлкөлөрүндөгү мусулмандык баалуулуктардын үстөмдүк кылуусу жана кадыр-барктуу регионалдык ММКгы гендердик маселелердин системалык чагылуусунун жоктугу менен детерминацияланат. Мусулман аял эркек тарабынан гана башкарылуучу мамлекет санкциялаган денгээлдеги укуктарга гана ээ. Бирок, курандык нормалар эсептегендей, эркек коомдук жашоодо башкы эмес, ал салттуу социум менен жеке үй-бүлөнүн ортосундагы далдалчы катары функция аткарат. Анын үстүнө мусулмандык баалуулуктар аял затынын негизги функциясы – үй-бүлөлүк салттарды сактоону бекемдөөгө басым жасайт.

Исламга ылайык, аялдардын укуктары чектелген эмес жана эркектердин зордук-зомбулугунан корголгон. Мусулман аял затынын укуктарынын чектелүүсү аталган коомчулуктардагы же мамлекеттердеги гендердик укуктук кырдаал шариатка туура келбейт дегенди билдирет. Бирок мусулман дүйнөсүндө, ар кыл исламдык мамлекеттерде – аялдардын макамы ар түрдүү. Бул өлкөнүн саясий режиминен көз каранды. Бир катар Сауд Аравиясы, Египет, Иран, Турция, Пакистан, Марокко, Тунис ж.б. сыяктуу бир катар мусулман өлкөлөрүнүн материалдарында феминистик теологиянын жана ислам дүйнөсүндөгү гендердик карым-катнаштардын калыптануусундагы феминистик кыймылдардын ролу талдоого алынат.

Бул талдоого алуу [Костенко, В., Кузьмичёв, П., Понарин, Э. Архаизация ценностей на Ближнем Востоке после распада СССР [Электронный ресурс] / В. Костенко, П. Кузьмичёв, Э. Понарин. - Режим доступа:https://publications.hse.ru/mirror/pubs/share/folder/o331ze3k6t/direct/13

2820348] араб өлкөлөрүндөгү гендердик карым-катнаштарды кабыл алуунун бирден-бир парадоксалдык өзгөчөлүгүн кыйла улуу муундар тарабынан ачылып берилет, алар көпчүлүк учурларда жаш муундарга караганда аялдар менен эркектердин ортосундагы тен укуктуулук принцибин карманышат, жалпы жонунан, азыркы мезгилдеги башка бир катар өлкөлөр үчүн мүнөздүү болгон тренддер менен айырмаланат. Бул чыныгы эле парадокс, анткени кыйла улуу муундар жаштарга салыштырмалуу бардык аспектиде консервативдүү элестөөлөрдү карманышат, ал эми активдүү жашоо-турмушка жаныдан кирген коомдун жаны катмары инновацияларга кыйла ачык болушуп, консервативдүү дүйнө көз караштан, анын ичинде гендердик карым-катнаштардан оолакташат. 25-34 жаш курактагы жаштар консерватизмди, ал эми 65 жаштан өйдөкү муундар – эгалитаризмди карманышат. Заманбап Чыгыш арабындагы жогоруда айтылган тенденция төмөнкүчө түшүндүрүлөт: арабдардын улуу мууну колониализмден куткаруу үчүн согуш мезгилиндеги өткөн кылымдын 50-60-жылдары өзүлөрүнүн негизги коомдук-саясий элестөөлөрүн калыптандырышкан.

Аталган согуштардын негизги идеологиясы болуп исламдык баалуулуктар эмес, араб улутчулдугу эсептелет. Чыгыш арабында пайда болгон көпчүлүк мамлекеттер СССР менен каржылык жана идеологиялык өнүттө жакындашкан. Советтик режим борбордук-азиялык жана кавказдык республикалардын эмансипациясына ылайык гендердик тен укуктуулукту колдогон. Аталган принциптер 15-15 жаш курактагы жаштар тарабынан кабыл алынган, социализм концепциясына ылайык ошол жылдары өздөштүрүлгөн коомдук нормалар адамдын ан-сезиминде өмүрүнүн сонуна чейин консервацияланып, дээрлик эч өзгөргөн эмес. Ал эми социализм теориясынын алкагында туулган күнү өткөн кылымдын 70-ж. сонуна 80-ж. башына туура келген кыйла патриархалдык-багыттагы муундар тууралында айта турган болсок, анда алардын гендердик дүйнө көз карашына төмөнкү тарыхый фактылар олуттуу таасирин тийгизген. Биринчиден, Советтер Союзунун кулашынан кийин дүйнө тартиби өзгөрдү, аны менен бирге бир катар араб мамлекеттердин режимдерин каржылоо жоголду, ал болсо алардын архаикалашуусун коштоду. Экинчиден, АКШ бир полярдуу дүйнөдө монополист болуп калды, ал эми алардын стратегиялык союздаштары – кыйла консервативдүү мусулман мамлекеттери өзүнүн патриархаттуулугу менен айырмаланган өзүнүн диний доктриналарын таратуу үчүн кенири мүмкүнчүлүктөрдү алышты.

«Араб жазы» деп аталган 2012-жылдагы революциялык окуялар менен байланыштуу диний дүйнө көз караштын алкагындагы гендердик карым-катнаштардын трансформацияланууcу өзгөчө кызыгууну туудурат, ал эки трендге ээ болгон – авторитардык түзүлүштөн демократияга болгон транзит, уруу аралык чыр-чатактык кырдаалдардан коомдук-саясий кырдаалдын туруктaшуусуна болгон транзит. Транзиттин аталган варианттары ар бири өз алдынча мамлекеттеги гендердик карым-катнаштар системасына таасирин тийгизет. «Араб жазы» жалпы жонунан бир катар түндүк-африкалык жана

жакынкы-чыгыш мусулман өлкөлөрүнүн гендердик кырдаалына терс таасирин тийгизген. Аталган региондогу постреволюциялык мезгил аял затынын бийлигинен толугу менен оолактоону жана аталган тармакта кабыл алынган чечимдердин денгээлиндеги аялдардын катышуусунун андан аркы келечегин көрсөттү. Бийликти кулатууга катышкан Египеттин, Ливиянын, Тунистин жана башка региондун мамлекеттеринин аял жарандары демонстраттардын катарында болушкан. Бирок постреволюциялык мезгилде салттуу гендердик тен укуксуздук кайра калыбына келген, жаны бийликтин иштерине аял заты кийлигишкен эмес, анткени кийинки пробатыштык режим менен жүзөгө ашырылган гендердик программаларга каршы чыгышкан жаны бийликтик структуралардагы происламдык партиялардын үстөмдүк кылуусуна байланыштуу консерватизм менен салттуулукту жандандыруу тенденциясы пайда болгон.

Заманбап шарттарда дүйнө жүзүндөгү исламдык дүйнө көз караштын маанисинин өсүүсү менен исламдык мамлекеттердеги феминистик кыймылдардын олуттуу таасири алдында турган жаны саясий, социалдык жана диний кыймылдаткыч күч катары активдүү мусулман аял затынын ролу жогорулоодо. Феминизмдин функциялануусунун өзгөчөлүк жана анын исламдык мамлекеттердеги аял затынын тен укуктуулук маселелерин чечүүгө тийгизген таасирин изилдөө актуалдуу практикалык мааниге ээ.

Мусулман мамлекеттериндеги феминизмдеги пикир келишпестиктердин бирден-бир себеби болуп алардын кыймылдарынын исламдык же светтик форматтагы маселеси эсептелет. Аталган маселени чечүү эгерде шариаттын мазмунун жана заманбап коомдогу практикалык ролун түшүнүктүү болсо, ал реалдуу. Биринчи кезекте баса белгилей кетүүчү нерсе аялдардын укуктарына эки фактор таасирин тийгизет: а) бир катар мамлекеттерде мамлекеттен динди ажыратуу мыйзамы иштейт жана жүргүзүлгөн реформалар аял затынын ан-сезимин трансформациялады; б) исламда аялдар менен эркектер жашоо образынын модели катары исламдан чыгышат. Мусулмандык коомдун заманбап өнүгүү этабында аял заты мамлекет менен социум тарабынан өзүнүн инсандыгын жана эркектер менен катар тен укуктуулугун сыйлоо маанайында болгон.

Аталган кыймылдар менен белгиленүүчү башка маселе шариатты аял затынын азыркы тендик концепциясы менен байланыштыруу кыйынга турат, бирок Куран өткөн VII кылымда эле аял затынын макамын олуттуу түрдө оптимизациялаган. Анын манызы шариаттагы укук түшүнүгү адам укугунун Декларацияын жарыялагандыгы менен айырмаланат. Шариат аял менен эркекти тен укуктуу катары эмес, бири-бирин толуктап туруучу катары карайт.

Мындай кырдаалда эркек менен аял ыйык тесттерди интеллектуалдык түшүнүүнүн жардамы аркылуу гана бардык диний конфессиялардын нормаларын аныктай алууга жөндөмдүү. Башкача айтканда, негизги жетекчилик катары караган Куран шариатта кабыл алуу жана ой жүгүртүүнүн жардамы аркасында калыптанат. Албетте, ыйык тексти билбесе

динге ишенгендер аны жетекчилик катары кабыл алганга жөндөмсүз келишет. Ошондуктан заманбап исламдык укук таануучулар социумдун толук кандуу мүчөлөрү катары ылайыктуу саясий, экономикалык жана социалдык аял затынын укуктарына жетүү үчүн бүгүнкү дүйнө туурасындагы интеллектуалдык багажга жана маалыматка кайрылуусу маанилүү. Аталган тренддеги реформалар көптөгөн исламдык мамлекеттерде өндүрүлүүдө.

Азыркы мезгилдеги мусулмандык изилдөөлөрдө феминизм алкагындагы герменевтика көрүнүктүү орунду ээлей баштады. Аталган аналитикалык тренд курандык чечмелөө принциптеринин комплекси, хадистерди жана башка экинчи денгээлдеги мусулмандык материалдарды түшүндүрүү эсептелет.

Феминизм алкагындагы мусулмандык герменевтиканын негизги мүнөздөмөлөрүнө төмөнкүлөрдү таандык кылууга болот: исламдык феминизмспецификалык аялдык практиканын же курандык текстерди жана жалпы эле ислам динин чечмелөө боюнча дүйнө көз караштын пайда болуусун бекитет; курандык жана фикхтик көрсөтмөлөрдү бөлүштүрүү актуалдуулугу, ал белгилүү коомдук-саясий кырдаалдын алкагында Курандын нормаларын чечмелөө боюнча иш-аракеттерди камтып турат; заманбап социумдагы процесстердин алкагында тигил же бул аятты реконструкциялоону билдирген кырдаалдык иджтихад методдорун колдонуу; эгалитардык курандык нормалардын адеп-ахлактык принциби – бул исламдагы социалдык акыйкаттуулук менен тендиктин негизи жана максаты; аялдардын катышуусуз эрте исламда калыптанган исламдык патриархаттуулукту жана аялды жек көрүүчүлүктү деконструкциялоого багытталуучулук; курандык эгалитардык жоболор менен дискриминациялык хадистер ортосундагы карама-каршылыктардын болуусу акыркыны кароодогу сындык ыкманы билдирет.

Диссертанттын пикиринде, гендердик маселени чечүүдөгү бардык исламдык мамлекеттин тажрыйбасы кыйла актуалдуу жана тарыхый-маданий исламдык салттардын жана социалдык-экономикалык, өз мамлекетинин ички саясий кырдаалынын өзгөчөлүктөрүнүн алкагындагы акыйкаттуу коомдун калыптануусу үчүн башка исламдык мамлекеттер менен модернизацияланып, трансформациялана алат.

«**Азыркы учурдагы Борбордук Азиядагы гендер менен диндин карама-каршылыктарынын жана бирдиктүү иш-аракеттеринин спецификасы**» аттуу төртүнчү бап эки параграфтан турат.

Төртүнчү баптын «**Постсоветтик борбордук азиялык региондогу диний кырдаал жана гендердик карым-катнаштар**» аттуу биринчи параграф Борбордук Азиянын жаны көз карандысыз мамлекеттердин диний чөйрөдөгү, гендердик карым-катнаштарындагы трансформациялык процесстерди талдоого алууга арналган.

Борбордук Азиядагы негизинде базар экономикасы менен демократиялык модел жаткан саясий өнүгүүнүн парадигмаларынын

коммунистик идеология жана административдик-командалык системасы СССР анын коммунистик идеологиясы менен бир бөлүгү катары алмашуусу гендердик карым-катнаштардын мүнөзү менен өзгөчүлүктөрүндө айтылган. Советтер Союзунун кулашы жана Борбордук Азиянын жаны көз карандысыз мамлекеттеринин генезиси менен кризистик өткөөл шарттарда салттуу калыптанган гендердик карым-катнаштар системалуу ар тараптуу саясий, социалдык-экономикалык, руханий-адеп-ахлактык катаклизмдердин жана диний кайра жаралуунун кырдаалында модернизацияланган. Борбордук-азиялык социумдардагы кризис жана активдүү исламдашуу аталган республикалардагы аялдын ролун өз алдынча трансформациялады. Бир жагынан, экономикадагы үстөмдүк кылуучу абалды ээлеп, 90-жылдары соода-сатык жана тейлөө чөйрөсүндө өз ордун тапкан аялдардын бир бөлүгү эркектерден болгон чон социалдык-каржылык көз карандылыкка дуушар болушкан. Экинчи жагынан, ислам өзүнүн институттары жана идеологиясы аркылуу көпчүлүк учурларда фундаменталистик мүнөздө болгон гендердик карым-катнаштардын моделин кайра жаратып, тажрыйба жүзүнө ашырышкан.

Кыргызстанда шайланган демократиялык модель кыска убакыт аралыгында салттуу диндерди кайра жаратууга, андан тышкары республикада кубаттуу дүйнөлүк диний борборлордун колдоосунда көптөгөн чет элдик агымдардын эркин агылуусу жана иш алып баруусу үчүн региондо кыйла либералдуу шарттарды түздү, бул өз кезегинде диний чөйрөдөгү гендердик карым-катнаштардын мүнөзү менен байланыштуу. Бир эле мезгилде гендердик саясаттын модернизациясына чон таасирин тийгизүүчү жана негизинен эл аралык, чет элдик уюмдар менен каржылануучу аялдардын кыймылы да кенири кулачын жайган. Аталган эки тренд гендердик маселелерди чечүүдө диний жана светтик дүйнө көз караштын ортосундагы карама-каршылыкка алып келди.

Эгемендүү Казахстанда дагы гендердик карым-катнаштар менен диний процесстердин бирдиктүү иш-аракеттер чөйрөсүндө активдүү трансформациялар болууда. Биринчи кезекте, белгилей кетүүчү нерсе казактардын аялдары борбордук азиялык региондун (өзбектер, таджиктер жана түркмөндөр) башка аялдарынан айырмаланып, мусулмандык дин тутунууларына карабастан дүйнө көз караш менен жүрүм-турумдарында кыйла олуттуу эркиндикке ээ болушкан, бул тенирчилик менен номадизмдин таасири менен түшүндүрүлөт. Мусулманчылык казак-көчмөндөрдүн гендердик психологиясы менен карым-катнаштарына карама-каршылыктарды киргизишкен, ага байланыштуу аял заты социалдык карым-катнаштардын субъектисинен азыркы мезгилде Казахстандагы исламдык ренессанска байланыштуу кайра жаралган дүйнө көз караштын терен чыр-чатагын жаратып, көпчүлүк жагынан эркектен көз каранды болгон объектке айланды.

Постсоветтик казахстандык социумдун конфессионалдык өздүк окшоштук маселелери мусулмандык шайкештиктин өсүүсү менен исламдык

агымдар ортосундагы карама-каршылыктар курчуйт: Казахстандагы салттуу ханафиттик мазхабдын адептеринен тышкары исламдагы, анын ичиндеги гендердик карым-катнаштар чөйрөсүндөгү өзүнүн окуусунун нукуралыгына ат салышуу менен фундаменталистик исламдык багыттарын күчөтөт.

Өзбекстандагы гендердик карым-катнаштардын мүнөзү коншу Кыргызстан менен Казахстандыкынан түп орду менен айырмаланып турат. Бул тарыхый, диний, экономикалык, саясий, демократиялык, этникалык себептер менен түшүндүрүлөт. Биринчиден, өзбектер негизинен өзбек этносунун менталитетине, анын ичинде гендердик карым-катнаштарына ири из калтырган отурукташкан жашоо образын алып жүрүшкөн. Экинчиден, ислам өзбектердин дүйнө көз карашына, алардын гендердик нормаларына, баалуулуктарына, ан-сезимине, идеологиясына жана психологиясына чечүүчү таасирин тийгизген. Үчүнчүдөн, экс-президент И.Каримов тарабынан орнотулган постсоветтик консервативдик режим демократиялык жана социалдык-экономикалык реформаны артка тартып, олуттуу түрдө республикадагы гендердик карым-катнаштардын өнүгүүсүндө көрүнгөн. Постсоветтик Өзбекстандагы диний эркиндик калктын исламга болгон массалык жакындоосуна карабастан кыйла чектелүү болгон. Чет элдик өлкөлөрдүн, өзгөчө мусулман мамлекеттеринин коомдук, анын ичинде диний жашоонун бардык чөйрөлөрүнө кийлигишүүсү минимумга жеткен.

Республикадагы гендер менен диндин бирдиктүү иш-аракеттеринин өзгөчөлүгү болуп өткөн кылымдын 90-жылдары өзүнүн функциясы катары мусулман дининин кайра жаратуучулук кыймылынын- фундаментализмдин коштоочусу эсептелген отын-ой шариат нормаларын пропагандалоо эсептелет.

Аялдык сегрегациясы, хиджаб кийүү, үй-бүлө жана өсүп келе жаткан муундарды тарбиялоо алкагындагы аялдардын ролун кысуу заманбап секторго болгон каршылыкты туюп-сезүү менен өзбек социумунун салттуу сегментиндеги олуттуу көмөк көрсөтүүгө ээ болот.

Заманбап Таджикстандагы гендердик кырдаал калктын, өзгөчө айыл жериндегилердин массалык тышкы миграциянын, гендерлик дүйнө көз карашы менен исламдык дүйнө көз карашка олуттуу таасирин тийгизүүсүн айынан жашоо-турмушунун төмөнкү денгээлине байланыштуу Борбордук Азияда кыйла татаал, анда негизинен эркек жарандар катышат.

Турмуштук кыйынчылыктар менен экстремистик уюмдардын белгилүү бир таасири таджик аялдарынын ага катышуусун жана ал тургай үй-бүлөлөрдүн Жакынкы Чыгыштагы аскердик чыр-чатактардын зонасына барууларына шарт түздү.

Мамлекеттик органдар таджик аялдарынын экстремистик уюмдарга, алардын үй-бүлөдөгү пассивдүү ролу, андан тышкары жубайларды ээрчүү жалпы салты менен тартуу фактыларын интерпретациялайт. Региондогу гендер менен диндин бирдиктүү иш-аракеттеринин жана карама-каршылыктарынын өзгөчө аспектиси болуп көп аял алуучулук көрүнүшү эсептелет. Борбордук-азиялык элдер үчүн полигамия болуп көп кылымдык

тажрыйба эсептелет, акыркы советтик бийликтин пайда болуусунун он жылдык аралыгында көмүскө мүнөзгө ээ болду. СССРдин кулашы жана коммунистик идеология менен адеп-ахлактын кыйроосу менен Борбордук Азиянын бардык өлкөлөрүндө көп аял алуучулук катуу жанданып, коомчулуктун көңүлүн борбору болуп калды.

